**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУНУН
СУЗАК РАЙОНУНУН
ПРОКУРАТУРАСЫ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ПРОКУРАТУРА
СУЗАКСКОГО РАЙОНА
ЖАЛАЛ-АБАДСКОЙ ОБЛАСТИ**

715650, Сузак айылы, Дакан палван к, 18
тел:+996 (3748) 5-00-20, факс: 5-02-68
e-mail: suzak.prokuratura@mail.ru

715650, с.Сузак, ул. Дакан палван, 18
тел: +996 (3748) 5-00-20, факс: 5-02-68
e-mail: suzak.prokuratura@mail.ru

«26» 11 2024-жыл

№ 24/143-07-11/1-3-02447

Барпы айыл өкмөтүнүн
башчысы
**И.Маматсабировго**

**СУНУШТАМА**
*ченемдик укуктук актылардын бузулуусун четтетүү жөнүндө*

Сузак районунун прокуратурасы тарабынан Барпы айыл өкмөтүнүн тургуну М.Жамгырчиевдин арызынын негизинде, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын аткарылышы боюнча Барпы айыл өкмөтүндө текшерүү жүргүзүлүп, жыйынтыгы менен төмөндөгүлөр аныкталды.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 07-февралындагы "Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө" №52 токтомунун негизинде айыл өкмөттөрүндө штаттык санынын чеги жүргүзүлгөндөн кийин Барпы айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын 29-мартындагы №14 буйругу менен Каржоодиев Апсалам айыл өкмөттүн ветеринар боюнча адиси кызматына дайындалып, эмгектенип келүүдө.

Айыл өкмөттүн ушул эле жылдын 26-сентябрындагы буйругунун негизинде А.Каржоодиев кезектеги эмгек өргүүгө 2024-жылдын 1-октябрынан тартып 7-ноябрына чейин чыгып, ден соолугуна байланыштуу 17-ноябрына чейин эмгекке жарамсыздык баракчасы ачылган.

Бирок, айыл өкмөттүн ветеринар боюнча адиси А.Каржоодиев 2024-жылдын 17-ноябрында Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринде депутаттарды шайлоо күнүндө Сузак районунун Барпы айылдык кеңешине талапкер, уулу Апсаламов Аскат Апсаламовичтин айыл өкмөттөгү Б.Алыкулов атындагы орто мектепте ачылган 2120-шайлоо участкасында 6-катар саны менен байкоочу болуп катталгандыгы аныкталды.

Мындай жагдайда, А.Каржоодиев тарабынан Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 15-беренесинде көрсөтүлгөн, муниципалдык кызматчыга өзүнүн кызматтык ишине байланыштуу жана кызмат убагында саясий партияларды, коомдук бирикмелерди жана диний уюмдарды түзүүгө, ошондой эле алардын ишине кандайдыр бир формада катышууга же көмөктөшүүгө; кызматчынын өзүнүн жана анын жакын туугандарынын түздөн-түз жеке кызыкчылыгын козгогон

маселелерди чечүү үчүн өзүнүн кызматтык абалын пайдаланууга; референдумдун жана шайлоо өнөктүктөрүнүн мезгилинде кызмат ордунун же кызматтык абалынын артыкчылыктарын жана административдик ресурстун башка түрлөрүн пайдаланууга тыюу салынат деген талаптары одоно түрдө бузулган.

Мындан сырткары, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Мыйзамынын 7-бер. 3-б. ылайык, Жогорку Кеңештин депутаты, жергиликтүү кеңештин депутаты, Жогорку Кеңештин же жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлер, саясий, атайын мамлекеттик кызмат орундарын жана саясий муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдар, мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылар, шайлоо комиссиясынын мүчөсү, катталган талапкердин, талапкерлерди көрсөткөн саясий партиянын, ошондой эле талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиянын ишенимдүү адамдары, шайлоо комиссияларындагы алардын өкүлдөрү, судьялар, прокурорлор, башка укук коргоо жана фискалдык органдардын кызматкерлери, аскер кызматындагылар байкоочу болууга укуксуз.

Жыйынтыктап айтканда, Барпы айыл өкмөтүнүн ветеринар боюнча адиси А.Каржоодиев жогоруда аталган ченемдик укуктук актылардын талаптарын билбегендиктен, жетекчилик тарабынан аталган Мыйзамдар боюнча муниципалдык кызматкерлерге коюлган чектөөлөр тууралуу кеңири түшүнүктөр берилбегендигинин натыйжасында, шайлоо процессинин катышуучуларынын жана башка жергиликтүү тургандардын арасында ишенбөөчүлүктөр жаралып, бул көрүнүш муниципалдык кызматтын беделине терс таасир тийгизип, мыйзам бузууларга жол берилген.

Жогорудагылардын негизинде, Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 22-беренесин жетекчиликке алып,

## С У Н У Ш   К Ы Л А М Ы Н:

1. Сунуштаманы Барпы айыл өкмөтүнүн жыйынында карап, мыйзам бузуучулуктарды четтетүү менен бирге, А.Каржоодиевдин тартиптик жоопкерчиликтерин чечип, мындан ары мындай мыйзам бузуучулуктарга жол бербөө боюнча чараларды көрүүнү.
2. Сунуштаманы кароо күнүн, Сузак райондук прокуратурасына катышуу үчүн алдын ала билдирүүнү.
3. Сунуштаманы кароонун жыйынтыгы менен кабыл алынган чечим тууралуу мыйзамда көрсөтүлгөн бир айлык мөөнөттө кат түрүндө тийиштүү иш-кагаздарын тиркөө менен Сузак райондук прокуратурасына жазуу жүзүндө билдирүүнү.

Сузак районунун прокурору кеңч.о.б. **Р.Аманатов**

Аткаруучу
М.Кудайбердиева